КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРYY ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

32

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН БЮЛЛЕТЕНИ

## АКАДЕМИЯЛЫК МОБИЛДYYЛYК ЖӨНYНДӨ

## Ж О Б О

(ДОЛБООР)

Ош – 2017

Ош мамлекеттик университетинин бюллетени. № 32. Академиялык мобилдүүлүк жөнүндө ЖОБО. – Ош: Ош МУ. Билим, 2017. – 24 б.

ОшМУнун Административдик Кеңешинин 2017-жылдын 30-январындагы №17-протоколунун негизинде кабыл алынган.

## Мазмуну

1. Негизги жоболор .......................................................................... 3
2. Академиялык мобилдүүлүктү координациялоо ................................ 4
3. Академиялык мобилдүүлүктү уюштуруу........................................ 7
Тиркемелер.............................................................................. 12

© Ош мамлекеттик университети, 2017

## 1. Негизги жоболор

1.1. Бул Жобо Ош мамлекеттик университетинин (мындан ары ОшМУ) студенттеринин (аспирант, магистрант, докторант) академиялык мобилдүүлүгүн жана кызматкерлеринин сапарларын уюштуруунун жалпы эрежелерин аныктайт. Жобо чет элдик жана Кыргызстандык ЖОЖдор менен кызматташууну кеңейтүү жана чыңдоо менен билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында иштелип чыкты. Жободо төмөнкү нормативдик актыларга жана документтерге шилтемелер колдонулду:

- Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамы;
- КРнын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген ECTSти Кыргыз Республикасында колдонуу боюнча нормативдүү документтердин жыйнагы;
- Окуу процессин окутуунун кредиттик технологияларынын (ECTS) негизинде уюштуруу жөнүндө Жобо (Ош мамлекеттик университетинин №18 Бюллетени, 30.08.2012 ж.);
- КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин “Чет өлкөлүк университеттерде окуп келген студенттеринин билим берүү жыйынтыктарын Кыргызстандын ЖОЖдору тарабынан таануу тартиби жөнүндө” 2013-жылдын 29-апрелиндеги №225/1 буйругу.

***1.2.*** Университеттин студенттеринин жана кызматкерлеринин академиялык мобилдүүлүк программалары боюнча чет өлкөлөргө же Кыргызстандын башка ЖОЖдоруна ОшМУнун бюджеттик же/жана бюджеттик эмес каражаттарынын эсебинен чыгуулары, мындан сырткары чакыруучу тараптардын каражаттарынын же жеке өзүнүн эсебинен каржыланган иш сапарлары ОшМУнун ректорунун буйругунун негизинде гана ишке ашырылат.

1.3.***Академиялык мобилдүүлүк*** – бул студенттердин (магистранттардын) же окутуучулар жана изденүүчүлөрдүн билим алуу үчүн же илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн аныкталган бир академиялык мезгилге (семестр же окуу жылы) башка жогорку окуу жайына (өлкөнүн ичиндеги же чет өлкөдөгү), өздөштүргөн билим берүү программаларын кредиттер түрүндө өзүнүн ЖОЖунда же башка ЖОЖдо окуусун улантуу үчүн милдеттүү түрдө эсепке алуу (таануу) менен, орун которуу болуп саналат.

1.4. ***Академиялык мобилдүүлүктүн формалары:***

1) *Билим берүү (академиялык) такшалмасы (стажировкасы)* - башка ата мекендик же чет элдик ЖОЖдо окутулуусу болжолдолгон дисциплиналардын тизмеги көрсөтүлгөн студенттин жеке планынын же эл аралык (анын ичинде биргелешкен) билим берүү программаларынын негизинде квалификациясын жогорулатуу же кайра даярдоо.

2) *Илимий (изилдөөчүлүк) такшалма (стажировка)* – бул башка өлкөнүн жана ЖОЖдордун китеп фондунун жана башка ресурстарынын негизинде окуу куралдарын, окуу китептерин даярдоо жана/же илимий-теориялык жана

илимий-практикалык мүнөздөгү материалдарды жана маалыматтарды топтоо, анализдөө боюнча ишмердүүлүк болуп саналат.

***Академиялык мобилдүүлүктүн түрлөрү***: индивидуалдык, тайпалык (коллективдик), ички (өлкөнүнү ичинде), сырткы (эл аралык), кирүүчү (эл аралык), кыска мөөнөттүк, узак мөөнөттүк, горизонталдык (кабыл алуучу ЖОЖдо чектелген мезгил (семестр, окуу жылы) ичи окуп келүү), вертикалдык (кабыл алуучу ЖОЖдо даража алуу үчүн толук окуп келүү), тескери (чет өлкөлүк жарандардын билим алуу жана илим-изилдөө максатында өз өлкөсүнө которулуусу) жана түз (студенттердин, окутуучулардын жана изденүүчүлөрдүн өз өлкөсүнөн чет өлкөгө карай которулуусу) академиялык мобилдүүлүктөрү.

1.5.***Маалымат пакети*** – бул мамлекеттик, расмий жана англис тилдериндеги курстардын каталогу. Маалыматтык пакет ЖОЖдун ишмердүүлүгүнүн академиялык, уюштуруучу-методикалык, илимий ж.б. маанилүү сфераларын мүнөздөйт жана кошумча маалыматтарды (спорттук-маданий иш чаралар, материалдык-техникалык) өзүнө камтыйт.

1.6. Университеттин студенттери чет өлкөлүк (ата мекендик) окуу жайларга окуу жана илимий сапарларга, такшалмаларга чыгуу укугуна ээ.

1.7.Студенттердин академиялык мобилдүүлүгүн ишке ашыруунун жана камсыздоонун жалпы эрежелери, максаттары жана милдеттери Болон декларациясынын негизги принциптерине дал келет.

1.8.ОшМУда академиялык мобилдүүлүк ЖОЖдор аралык келишимдер же биргелешкен долбоорлордун чегинде ишке ашырылат.

## 2. Академиялык мобилдүүлүктү координациялоо

2.1. Академиялык мобилдүүлүктү координациялоо максатында университетте ЖОЖ боюнча координатор жана ар бир факультеттерде координаторлор дайындалат. Университет боюнча академиялык мобилдүүлүктүн координаторлук функциясын эл аралык байланыштар бөлүмү (мындан ары ЭАББ) жүзөгө ашырат. ЭАББ ECTSтин принциптерин жана механизимдерин сактоону камсыздоо менен университеттин бардык структуралык бөлүмдөрүндөгү координаторлордун жумуштарын көзөмөлдөйт жана координациялайт. Факультеттерде академиялык мобилдүүлүк боюнча координатор болуп декандардын окуу иштери боюнча орун басарлары дайындалат. Университеттин жана факультеттин координаторлору студенттерге жана профессордук–окутуучулук курамга академиялык мобилдүүлүктүн маселелери боюнча консультация берет.

2.2. ОшМУда ЭАББ академиялык мобилдүүлүктүн (эл аралык жана ички) программаларын координациялоону жана мониторингдөөнү университеттер аралык макулдашуулар, окутуу боюнча үч тараптуу макулдашуулар жана чет элдик окуу жайдын чакырууларынын негизинде ишке ашырат.

2.3.Факультетте академиялык мобилдүүлүк жана ECTS программаларынын

координатору төмөнкүлөрдү аткарат:

- билим берүү программаларына мониторинг жүргүзөт жана студенттердин академиялык мобилдүүлүгү боюнча ЖОЖ-өнөктөштөр менен кызматташуу келишимдерин түзүүнү уюштурат (ЭАББ менен макулдашылат);
- тиешелүү кафедралар менен биргеликте чет өлкөлүк билим берүү мекемесинен академиялык мобилдүүлүктү пландаштырган мезгили үчүн дисциплиналардын толук тизмеси көрсөтүлгөн чакыруу каттарды алууну уюштурат;
- бүтүрүүчү кафедранын башчысы менен биргеликте окула турган дисциплиналардын тизмегин аныктайт жана чет элдик университеттин дисциплиналарына студентти каттоого арыз-өтүнүчтү даярдайт;
- арыз-өтүнүч менен кайрылуучунун (студенттин) жана эки жогорку окуу жайдын ортосунда чет өлкөлүк окуу жайларында окутуу боюнча үч тараптуу макулдашууну түзөт;
- академиялык мобилдүүлүк программасы боюнча билим алуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө студенттердин арасында кеңири маалымат берүү жана түшүндүрүү (агартуучу) иштерин жүргүзөт (айына бир жолудан кем эмес), маалыматтарды ОшМУнун веб-сайтына жайгаштырат, “Нур”, “Үмүт” телее аркылуу маалымдайт;
- академиялык кызматташуу жөнүндө макулдашуу болгон өнөктөш университеттердин ичинен (жетекчилиги менен макулдашуу боюнча, айрым учурларды кошпогондо) ЖОЖдорду (өлкөнүн ичиндеги же чет өлкөдөгү) тандоо учурунда студенттерге ар тараптуу жардам берет;
- гранттык негизде академиялык мобилдүүлүк программасына катышуу үчүн талапкерлердин арасында конкурстук тандоону уюштурат жана ишке ашырат (комиссия түзүү менен);
- факультеттин Маалымат пакетин мамлекеттик, англис жана орус тилдеринде иштеп чыгат;
- кафедралар менен биргеликте студенттер жана чет элдик жогорку окуу жайдын өкүлдөрү менен студенттин жетишүүсү, жашоо шарттары жана жекече окуу планын ишке ашыруу ж.б. маселелери боюнча туруктуу кат-алышууну жүзөгө ашырат;
- кафедра башчылары жана тиешелүү дисциплина боюнча сабак берген окутуучулар менен биргеликте студенттердин чет элдик окуу жайда окуп, өздөштүрүп келген кредиттерин таанууну (перезачет, эсепке алууну) жүзөгө ашырат;
- факультетте академиялык мобилдүүлүктүн аткарылышы жөнүндө отчетту ЭААБке даярдайт.

2.4.Академиялык мобилдүүлүк программаларынын факультеттеги координатору академиялык мобилдүүлүк программаларын ишке ашыруу боюнча уюштуруунун сапаты үчүн жооптуу.

2.5.Академиялык мобилдүүлүк программасынын негизинде студенттин өздөштүрүп келген дисциплиналарынын мазмунун ОшМУнун окуу планына жана студенттин жеке окуу планына дал келиши үчүн ***бүтүрүүчү кафедра башчысы*** жооптуу.

2.6.Академиялык мобилдүүлүктү каржылоо төмөнкү булактардын негизинде ишке ашырылат:

- Республикалык бюджеттик каражаттар;
- ОшМУнун бюджеттик эмес каражаттары;
- эл аралык фонддордун, улуттук компаниялардын, социалдык өнөктөштөрдүн гранттары;
- кабыл алуучу тараптын каражаттары, анын ичинде эл аралык жана жеке фонддордун гранттары;
- студенттин жеке каражаты.

2.7.Чет өлкөлүк (ата мекендик) университеттин расмий чакыруусу жана кабыл алуучу университет тарабынан кол коюлган окутуу боюнча үч тараптуу макулдашуу академиялык мобилдүүлүктү ишке ашыруу үчүн негиз болуп саналат.

2.8.Кабыл алуучу ЖОЖдо өздөштүрүлө турган бардык дисциплиналар көрсөтүлгөн студенттин индивидуалдык окуу планы үч тараптуу макулдашуудагы милдеттүү тиркеме болуп саналат.

2.9.Академиялык мобилдүүлүк программасы боюнча чет өлкөгө чыккан студенттер индивидуалдык планында көрсөтүлгөн дисциплиналарды өздөштүрүүгө милдеттүү, ошол эле учурда студенттер өзү окуган ЖОЖдо кээ бир дисциплиналарды дистанттык окутуу технологиялары (ДОТ) аркылуу билим алуу укугуна ээ. ДОТту колдонуу менен билим берүүдө дистанттык окутуу жараянын уюштуруу үчүн факультеттин академиялык мобилдүүлүк боюнча координатору жоопту.

2.10. ДОТ аркылуу сабак өтүүчү окутуучулар семестр ичинде сапардагы студенттер менен үзгүлтүксүз on-line режиминде ОшМУнун AVN информациялык системасы (http://avn.oshsu.kg) аркылуу байланышта болуп, окуу жараянын окуу-методикалык материалдар менен камсыздап, учурдагы жана аралык текшерүүлөрдү өз учурунда алып, жыйынтык баллдарын ведомостко киргизип турууга милдеттүү.

2.11. Бүтүрүүчү кафедранын башчысы студенттердин академиялык мобилдүүлүгүнүн программаларын ишке ашыруу учурунда үзгүлтүксүз талдоо жүргүзөт жана академиялык мобилдүүлүк программасынын алкагында сапарга

жөнөтүлгөн студенттердин чет элдик сапарларынын индивидуалдык пландарынын аткарылышына көз салып турат.

2.12. Академиялык мобилдүүлүк программасы боюнча сапарга чыгуучу ар бир студенттин арызы факультетте өз-өзүнчө индивидулдуу каралат.

2.13. Сапарга чыгуучулар үчүн конкурстук тандоонун негизги критерийлери:

1) ОшМУда бир академиялык мезгилди аяктагандан кийин жана жетишүүсү «А», «В» деңгээлинде болушу;
2) чет тилинде эркин сүйлөөсү;
3) окутуу боюнча үч тараптуу макулдашуунун болушу.

2.14. Мобилдүүлүк программасы боюнча окуган студенттин билимин тастыктаган жыйынтыктоочу документ болуп, билим алып келген кабыл алуучу ЖОЖ тарабынан берилген транскрипт болуп саналат.

2.15. Транскриптке окуу программасы жөнүндө маалымат (дисциплинанын коду), дисциплинанын аталышы, дисциплинаны окутуу мезгилинин мөөнөтү (жыл, семестр, триместр), өздөштүрүү баасы, ыйгарылган ECTS кредиттеринин саны жазылат.

2.16. Мамлекеттик гранттын эсебинен билим алып жаткан студенттердин чет өлкөгө болгон сапар/такшалма учурунда стипендиялары толугу менен сакталат (бир семестрден ашбаган учурда).

2.17. Кафедралар профессордук-окутуучулук курамдын штаттык жадыбалын даярдоодо жана педагогикалык окуу жүктөмдөрүн бөлүштүрүү учурунда академиялык мобилдүүлүк программасы боюнча чет өлкөдө жүргөн студенттердин контингентин эске алуусу керек.

2.18. Академиялык мобилдүүлүк боюнча чет элдик сапарга чыгууда жана ошондой эле чет элдик сапардан кайтып келүүдө туура эмес маалыматтарды бербөөгө жана документтерди бурмалабоого кафедра башчысы, декан, координатор жана студент жооптуу.

2.19. Эл аралык байланыштар бөлүмү, керек болсо, оозеки же жазуу жүзүндө кабыл алуучу ЖОЖдон академиялык мобилдүүлүк программасын өтөп келген студент жөнүндө маалыматты талап кылууга укуктуу.

## 3. Академиялык мобилдүүлүктү уюштуруу

3.1 Академиялык мобилдүүлүктү ишке ашыруу максатында сапарга чыгуучу студенттер деканатка (координаторго) төмөнкү документтерди берүүсү зарыл:

- студенттин өтүнүч-арызы (1-тиркеме);
- чакыруунун көчүрмөсү, мамлекеттик же орус тилде котормосу менен кошо (чакырууда сапарды өтөө мөөнөтү, максаты жана окутулуучу дисциплиналардын тизмеси камтылууга тийиш);
- учурдагы транскрипти;

- окутуу боюнча үч тараптуу келишим (2-тиркеме);
- окуу графиги (окуу графиги студенттин жеке окуу планына ылайык кабыл алуучу ЖОЖдо окулуучу дисциплиналардын тизмесин жана өзү окуган ЖОЖдо ДОТ менен окутулуучу дисциплиналардын тизмесин өзүнө камтууга тийиш;) (3-тиркеме);
- чет тилдерди билүүсүн күбөлөндүрүүчү документ (сертификат).

3.2 Мобилдүүлүктү ишке ашыруу үчүн студенттин өтүнүч-арызы төмөнкүдөй иретте макулдашылат:

- кафедра башчы;
- декан;
- эл аралык байланыштар бөлүмү.

3.3 Бардык документтер даяр болгондон кийин, академиялык мобилдүүлүктүн университет боюнча координаторунун (ЭАББ) жана окуу-информациялык департаментинин (ОИД) макулдуктарынын негизинде факультеттин деканы ректорго студенттерди ДОТту колдонуу менен чет өлкөлүк ЖОЖго (ата мекендик ЖОЖго) сапарга/такшалмага жөнөтүү боюнча билдирүү менен кайрылат (4-тиркеме). Билдирүүгө ар бир студент үчүн факультетте бекитилген окуу графиги (3-тиркеме) жана кабыл алуучу тараптын чакыруусу тиркелет.

3.4 Студенттер кабыл алуучу ЖОЖдордун эреже жана жоболоруна ылайык кошумча документтерди (үч тараптуу келишим, ата-энесинен кепилдик кат, ж.б.) тапшыруулары мүмкүн жана кабыл алуучу университеттерде тиешелүү административдик кабыл алуу процедураларынан өтүшөт.

3.5 Академиялык мобилдүүлүк боюнча сапардан келген студенттер офис-регистраторго төмөнкү документтерди тапшыруусу зарыл:

- мобилдүүлүк программасы ишке ашырылган кабыл алуучу ЖОЖ тарабынан берилген окууну аяктагандыгы жөнүндөгү сертификат;
- өздөштүрүлгөн дисциплиналар жана алынган баалары жөнүндө транскрипт (5-тиркеме);
- чет өлкөлүк ЖОЖдо окуган дисциплиналардын силлабустары (тиешелүү жетекчи же сабак берген окутуучунун колу коюлуп, кабыл алган ЖОЖдун печаты менен тастыкталган болушу керек);
- студенттин илимий жетекчисинин же консультантынын жана бүтүрүүчү кафедранын жетекчисинин колу менен күбөлөндүрүлгөн чет өлкөдөгү иш сапары/такшалмасы жөнүндө жазуу жүзүндөгү отчетту (6-тиркеме).

3.6 Студентер, профессордук-окутуучулук курам жана кызматкерлер сапардан кайтып келгенден кийин 5 (беш) жумушчу күндүн ичинде бухгалтерияга иш жүзүндө тарткан акчалай чыгашалары боюнча алдын ала

отчет берет (эгер сапар университет тарабынан каржыланса), мындан сырткары сапардын жыйынтыгы боюнча отчетту кафедралар/факультеттерде талкуулангандан кийин ЭААБка тапшырат.

3.7 Илимий такшалма (стажировка) жана кесиптик өнүгүү (квалификациясын жогорулатуу) максатында сапарга барып келгендер үчүн негизги тастыктоочу документтер: кабыл алуучу ЖОЖ тараптагы илимий такшалманын жетекчисинин сунуштама каты же ой пикири (отзыв) жана курстарды бүткөндүгү жөнүндөгү сертификаты болуп саналат.

3.8 Студенттердин ар бир өздөштүргөн дисциплиналары үчүн (практиканын ар бир түрү үчүн) ыйгарылган ECTS кредиттерди жана бааларды таануу (эсепке алуу) үчүн кредиттердин саны ОшМУнун жумушчу окуу пландарындагы кредиттердин санына дал келиши зарыл. Каршы учурда дисциплина (практика) академиялык карыз катары саналат жана студент тарабынан кошумча семестрде (жайкы семестрде) акы төлөө негизинде өздөштүрүлөт.

3.9 ДОТ боюнча пландаштырылган дисциплиналардын кредиттерин жана бааларын өздөштүрүү үчүн топтогон модулдук-рейтингдик баллдарынын негизинде офис-регистратор (деканат) жыйынтыктоочу текшерүүгө (экзаменге) уруксат берүү менен ведомость даярдайт.

3.10 Сапардагы студент кайтып келгенден кийин жыйынтыктоочу текшерүүнү 2 (эки) жумалык мөөнөттө график боюнча уюштуруп берүүгө факультеттин деканаты милдеттүү.

3.11 Академиялык карызы жана айырмасы бар студенттер кошумча (жайкы) семестрде акы төлөөнүн негизинде аларды өздөштүрүп, жоюусу зарыл.

3.12 **ОшМУда чет өлкөлүк жарандарды кабыл алуу кирүүчү академиялык мобилдүүлүк программасы боюнча ишке ашырылат.**

3.13 Чет өлкөлүк жарандар академиялык мобилдүүлүк программасынын алкагында академиялык алмашуу жөнүндө университеттер аралык макулдашууларга жана окутуу боюнча үч тараптуу макулдашууларга ылайык экинчи семестрден баштап окутууга кабыл алынат.

3.14 Чет өлкөлүк студенттер академиялык мобилдүүлүктүн алкагында окууга тапшыруу үчүн ОшМУнун ЭАББна электрондук почта, факс аркылуу же жеке өзү академиялык мезгил башталганга чейин 30 күн аралыгында төмөнкү документтерди жиберет:

- белгиленген үлгүдөгү студенттин өтүнүч арызы (1-тиркеме);
- окуган жеринен аныктама;
- билими жөнүндө учурдагы транскрипти;
- жөнөтүүчү окуу жайдын тишелүү багыт боюнча жумушчу окуу планы;
- өздүгүн күбөлөндүргөн документтин көчүрмөсүн;
- мотивдештирилген кат;

- жөнөтүүчү окуу жайдын сунуштама каты.

3.15 Келип түшкөн документтердин негизинде ЭАББ, ОИД жана тиешелүү факультеттер менен биргеликте документтерди ОшМУда окутула турган предметтерге дал келүүсүн карашат. Эгерде оң чечим кабыл алынса, анда кабыл алуучу жана жөнөтүүчү окуу жайдын координаторлору окутуу боюнча үч тараптуу макулдашууга кол коюшат (2-тиркеме).

3.16 Жогоруда аталган документтердин негизинде тиешелүү факультеттин деканаты ЭАББ жана ОИДдин менен макулдугу менен чет элдик ар бир студенттин окутуу боюнча үч тараптуу макулдашуусунун негизинде сабактарга катышууга уруксат берүү жөнүндө ректорго билдирүү (7-тиркеме) жана буйрук даярдайт.

3.17 Академиялык мобилдүүлүк боюнча чет элдик студенттердин академиялык кеңешчиси (эдвайзер) болуп декандын окуу иштери боюнча орун басары дайындалат жана ал индивидуалдык пландардын аткарылуусун көзөмөлдөйт жана академиялык мобилдүүлүк программасынын ишке ашыруунун жүрүшү боюнча ЭАББге өз учурунда маалымдайт.

3.18 Академиялык бир мезгилдин (семестрдин) акырына карата офис-регистратор (деканат) чет элдик студенттерге ОшМУда өздөштүргөн окуу программасынын баасы менен кредиттери көрсөтүлгөн транскрипт (5-тиркеме) даярдайт.

3.19 Тиешелүү факультеттин деканы тарабынан ЭАББ жана ОИДдердин макулдугу менен академиялык мобилдүүлүк программасын ийгиликтүү ишке ашырган чет өлкөлүк студенттерге окууну аяктагандыгы жөнүндө сертификаттарды жана транскриптерди берүүгө уруксат берүү жөнүндө билдирүү берет (8-тиркеме) жана буйрук даярдалат.

3.20 ОшМУга академиялык мобилдүүлүк программасы бюнча кабыл алынган чет элдик студенттер Кыргыз Республикасынын “Чет элдик жарандардын Кыргыз Республикасынын аймагында болуу тартиби жөнүндө” мыйзамдарын жана ОшМУнун бекитилген ички күндөлүк эрежелерин сактоого милдеттүү.

3.21 **ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын жана кызматкерлеринин** илимий-изилдөө боюнча такшалмадан өтүп келүү, квалификациясын жогорулатуу жана эл аралык конференция/симпозиумдарга катышуу максатында чет өлкөгө сапарга чыгуу үчүн ЭАББга төмөнкү документтерди алып келүүсү зарыл:

- өз колу менен жазган ректордун атына жазылган арызы;
- чакыруунун көчүрмөсү;
- чет өлкөгө сапарга чыгуу мезгилинде сабактарын алмаштырып туруу жөнүндөгү кафедра башчынын маалыматы жана декандын макулдугу

(окутуучулар үчүн).

3.22 Чет өлкөгө сапарга чыгуучу профессордук-окутуучулук курамдын жана кызматкерлердин арызы төмөнкүдөй тартипте макулдашылат:

- кафедра башчысы;
- факультеттин деканы;
- ОИД;
- долбоордун жетекчиси (эгер сапар илимий долбоордун алкагында каржыланса);
- илимий иштер боюнча проректор;
- ЭАББ.

3.23 ОшМУнун кызматкери чет өлкөгө болгон сапарын өтөп келгенден кийин 5 (беш) жумушчу күндүн ичинде бухгалтерияга иш жүзүндө тарткан акчалай чыгашалар боюнча алдын ала отчет берет (эгер сапар университет тарабынан каржыланса).

3.24 Кызматкер сапардын жыйынтыгы боюнча жазуу түрүндөгү отчетун бир жумалык мөөнөттүн ичинде бекитилген формага ылайык (6-тиркеме) ЭААБка тапшыруусу зарыл.

3.25 Кыска мөөнөттүү жана жыйынтыгы ***ЖОЖдун рейтингдик системасына*** таасирин тийгизген сапарлардан сырткары учурлардагы университеттин профессордук-окутуучулук курамынын жана кызматкерлеринин өз демилгеси менен башка ЖОЖдорго же уюмдарга болгон сапарга чыгуусу, эреже катары жеке иш сапар катары уюштурулат. ЖОЖдун администрациясы бул учурда документтерди даярдоого көмөктөшөт жана алар өз эсебинен каржылануучу өргүүгө сунушталат.

3.26 Профессордук-окутуучулук курамдын, кызматкерлердин жана административдик башкаруучулук персоналдардын күнөөсү менен чет өлкөгө сапарга жогорудагы көрсөтүлгөн тиешелүү документтерди даярдабай чыгып кетүүсү “прогул” катары квалификацияланат жана дисциплинардык жазага алып келет. Бул пункт кезектеги өргүү учурунда же айлык маянасы сакталбаган өргүү учурунда колдонулбайт.

2. **Ички академиялык мобилдүүлүк** ата-мекендик ЖОЖдор аралык макулдашуулардын негизинде ишке ашырылат жана ОшМУда академиялык мобилдүүлүк боюнча чет өлкөлүк жарандар үчүн жогоруда каралган бардык эрежелер, Кыргызстандын жарандыгы, мамлекеттик жана расмий тилдерди эске алуу менен колдонулат.

3. Документтер 1-6-тиркемелердин жана ОшМУнун “Окуу процессин окутуунун кредиттик технологияларынын (ECTS) негизинде уюштуруу жөнүндө Жобосу” №18 бюллетениндеги 1-3-тиркемелеринин негизинде даярдалат.

## Тиркемелер

**1-тиркеме**

*Үлгү*

**Студент үчүн өтүнүч-арыздын формасы**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

**ӨТҮНҮЧ-АРЫЗ**

**Сүрөтү**

**20__/20__- Академиялык жыл**
**Окутуунун багыты**: ..........................................................................
**Жөнөтүүчү ЖОЖ: ..........................................................................**

Аталышы жана толук дареги:
Ош мамлекеттик университети,
723500, Ош шаары, Ленин көчөсү, 331
Факультеттеги координатордун Ф.А.А., тел., факс, e-mail:............................................................
.........................................................................................................................................
ЖОЖдогу координатордун Ф.А.А., тел., факс, e-mail: …………………………………………………
…………………………………………………………………………………………………..

**Студенттин өздүк маалыматы**

| | |
|---|---|
| Фамилиясы: ......................................................................... | Аты: .............................................................. |
| Туулган датасы:.................................................... | Атасынын аты: ……………………………….. |
| Жынысы:……………………………………..…… | |
| Жарандыгы:......................................................... | |
| Туулган жери:..................................................... | Туруктуу дареги (эгер дал келбесе): ......................................................................... |
| Учурда жашаган дареги:................................ ......................................................................... | ......................................................................... ......................................................................... |
| Тел.: ......................................................................... | ......................................................................... |
| e-mail: ……………………………………….. | Тел.: ......................................................................... |

**Ушул өтүнүчтү алуучу ЖОЖдордун тизмеси (артыкчылык тартибинде):**

| ЖОЖ | Өлкө | Окуу мөөнөтү | | Болуу узактыгы (ай) | Күтүлүүчү ECTS кредиттернин N° |
|---|---|---|---|---|---|
| | | баштап | чейин | | |
| 1............................... | ................. | .......... | ......... | ............... | ................................. |
| 2............................... | ................. | .......... | ......... | ............... | ................................. |
| 3............................... | ................. | .......... | ......... | ............... | ................................. |

Кыскача башка ЖОЖдордо окууга болгон түртку жүйөлөрүнүздү (мотив) түшүндүрүнүз
.........................................................................................................................................

**Тил көндүмдөрү**

| Эне тили: ................................... өзүнүн ЖОЖундагы окуган тили (эгерде айырмачылык болсо): ............................................................................................................................... | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Башка тилдер | Азыркы учурда үйрөнүп жаткан тилим | | Окуу үчүн, үйрөнгөн жетиштүү көндүмдөрүм бар | | Кошумча даярдыктан өтсөм, көндүмдөргө ээ болом | |
| | ооба | жок | ооба | жок | ооба | жок |
| ...................... | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| ...................... | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| ...................... | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |

**Окуу менен байланышкан иш тажрыйбасы (эгер болсо)**

| Иш тажырыйбасы | Фирма/ишкана | Дата | Өлкө |
|---|---|---|---|
| .................................. | .................................. | ...................... | ............................... |
| .................................. | .................................. | ..................... | ............................... |

**Мурунку жана учурдагы билими**

Азыркы кезде окуп жатка диплом/даражаңыз .....................................................................
.........................................................................................................................................
Чет өлкөгө чыкканга чейинки жогорку билим берүүдөгү жылдарынын саны: ........................
Чет өлкөдө болгонсузбу? ооба☐ жок☐
Эгерде болсо, каерде жана кайсыл ЖОЖдо? ......................................................................

**Мурунку жана учурдагы билим алуусунун бардык чоо-жайы баяндалган транскрипт тиркелет. Өтүнүч берген учурда берилбеген маалымат кийинчереек берилиши мүмкүн.**

Эгерде билим алууда кеткен чыгымдарды төлөгөн грантка өтбөй калсаңыз, чыгымдарды өзүңүз каржылай аласызбы?

Ооба☐ Жок ☐

**ЖОЖдун, шаардын, облустун, республиканын коомдук иштерине катышуу**

Студенттин ийгиликтери (сертификаттары, мактоо баракчалары, грамоталары, дипломдору, спорттук разряддары) ……………………….……………………………..…………..
…………………………………………………………………………………………………
…………………………………………………………………………………………………
…………………………………………………………………………………………………

Илимий-практикалык конференцияларга катышуу …………………………………………
…………………………………………………………………………………………………
…………………………………………………………………………………………………

**Ата-энелери менен байланышуу маалыматтары**

Ф.А.А. ……………………………………..……………………………..…………..

……………………………………………………………………………………………

Жашаган дареги …………………………………………………………

…………………………………………………………………………………………..

Телефону (иш.) ……….………………………………… моб. …………………….………

үй.: …………………………………………………………………………………………

Студенттин колу

......................................................................

Дата: ............................................................

**2-тиркеме**

*Үлгү*

**Окутуу боюнча макулдашуу**

20____/20____ - академиялык жыл, Багыты: ______________________

Студенттин Ф.А.А.:________________________________________________
Жөнөтүүчү ЖОЖ: ________________________________ Өлкө: _____________________

Чет өлкөдө сунушталган билим берүү программасы боюнча маалыматтар /билим берүү келишими

Кабыл алуучу ЖОЖ: ___________________________ Өлкө ____________________________

| Предметтин коду | Жөнөтүүчү ЖОЖдун окуу планы боюнча предметтердин аталышы | ECTS кредит-теринин саны | Предметтин коду | Кабыл алуучу ЖОЖдо өздөштүрүлүүчү предметтердин аталышы | Кабыл алуучу ЖОЖдун кредиттеринин саны | ECTS кредит-теринин саны |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |

Эгер керек болсо тизме кошумча баракчада тиркелет

Студенттин колу _______________________________________ Дата: ____________________

Жөнөтүүчү ЖОЖ: окутуунун сунушталган программасын /окутуу боюнча келишимди жактырылганын **тастыктайбыз**.

| Кафедранын (офис регистратордун) координаторунун колу<br>Дата<br>____________________________________ | ЖОЖдун координаторунун колу (билим берүү программасынын жетекчисинин)<br>Дата<br>________________________________________ |
|---|---|

Кабыл алуучу ЖОЖ

Биз окутуунун сунушталган программанын /окутуу боюнча келишимдин жактырылганын **тастыктайбыз**.

| Кафедранын (офис регистратордун) координаторунун колу | ЖОЖдун координаторунун колу (билим берүү программасынын жетекчисинин) |
|---|---|

| Дата<br>______________________________________ | Дата<br>_________________________________________ |
|---|---|

Студенттин Ф.А.А.:___________________________________________________________________
Жөнөтүүчү ЖОЖ: __________________________________ Өлкө: ______________________

Сунушталган билим берүү программасына /билим берүү келишимине өзгөртүүлөр
(эгер ушундай учур орун алса гана толтурулат)

| Предметтин коду | Предметтердин аталышы | Предметтердин тизмегинен чыгаруу | Кошулган предметтер | ECTS кредиттеринин саны |
|---|---|---|---|---|
| _________________<br>_________________<br>_________________<br>_________________<br>_________________<br>_________________<br>_________________<br>_________________ | _______________________<br>_______________________<br>_______________________<br>_______________________<br>_______________________<br>_______________________<br>_______________________<br>_______________________ | O<br>O<br>O<br>O<br>O<br>O<br>O<br>O | O<br>O<br>O<br>O<br>O<br>O<br>O<br>O | ____________________<br>____________________<br>____________________<br>____________________<br>____________________<br>____________________<br>____________________<br>____________________ |

Эгер керек болсо тизме кошумча баракчада тиркелет
Студенттин колу ______________________________ Дата: ____________________________________

Жөнөтүүчү ЖОЖ
Биз окутуунун сунушталган программага /окутуу боюнча келишимге жогоркудай өзгөртүүлөр киргизилгенин тастыктайбыз

| Кафедранын (офис регистратордун) координаторунун колу<br>Дата<br>______________________________________ | ЖОЖдун координаторунун колу (билим берүү программасынын жетекчисинин)<br>Дата<br>__________________________________________ |
|---|---|

Кабыл алуучу ЖОЖ

Биз окутуунун сунушталган программага /окутуу боюнча келишимге жогоркудай өзгөртүүлөр киргизилгенин жактырылганын тастыктайбыз

| Кафедранын (офис регистратордун) координаторунун колу<br>Дата<br>______________________________________ | ЖОЖдун координаторунун колу (билим берүү программасынын жетекчисинин)<br>Дата<br>__________________________________________ |
|---|---|

**3-тиркеме**

*Үлгү*

**БЕКИТЕМИН**
**Декан:**
**________ Ф.А.А.**
**«_________» 20__г.**

**ОКУУ ГРАФИГИ**
**20__ - 20__ -окуу жыл, (күзгү, жазгы, жайкы) семестр**
**ОшМУнун _________________ факультетинин _____ -курсунун**
**«____________________» багыты боюнча студенти**
**_______________ студенттин Ф.А.А.__________________**

**Тайпасы:__________ E- mail:______________**

1) Академиялык мобилдүүлүк программасы боюнча _____(кабыл алуучу ЖОЖдо)_____ төмөнкү дисциплиналар өздөштүрүлөт:

| Предметтин коду | Жөнөтүүчү ЖОЖдун окуу планы боюнча предметтердин аталышы | ECTS кредит-теринин саны | Предметтин коду | Кабыл алуучу ЖОЖдо өздөштүрүлүүчү предметтердин аталышы | Кабыл алуучу ЖОЖдун кредиттеринин саны | ECTS кредит-теринин саны |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |
| 6 | | | | | | |
| 7 | | | | | | |
| 8 | | | | | | |

2) Төмөнкү дисциплиналар дистанттык окутуу технологияларын (ДОТ) колдонуу аркылуу окутулат:*

| № | Дисциплинанын аталышы | Кредиттердин саны | Окутуучунун Ф.А.А.* | Окутуучунун колу |
|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | |
| 2 | | | | |
| 3 | | | | |
| 4 | | | | |

Кол коюшат:

- Студенттин Ф.А.А.* ___________ [колу]
- Кафедра башчысы* ____________ [колу]
- Факультеттин координатору* ________ [колу]

* Студенттердин окуу графиктеринде белгиленген дистанттык окутуу технологиясы аркылуу сабак өтүүчү окутуучулар семестр ичинде сапардагы студенттер менен үзгүлтүксүз on-line режиминде ОшМУнун AVN информациялык системасы (http://avn.oshsu.kg) аркылуу байланышта болуп, окуу жараянын окуу-методикалык материалдар менен камсыздап, учурдагы жана аралык текшерүүлөрдү өз учурунда алып, жыйынтык баллдарын ведомостко киргизип туруусуга милдеттүү. Кафедранын башчысы студенттердин академиялык мобилдүүлүгүнүн программаларын ишке ашыруу учурунда үзгүлтүксүз талдоо жүргүзөт жана академиялык мобилдүүлүк программасынын алкагында сапарга жөнөтүлгөн студенттердин индивидуалдык пландарынын аткарылышына көз салып турат. Сапардагы студент кайтып келгенден кийин жыйынтыктоочу текшерүүнү эки жумалык мөөнөттө график боюнча уюштуруп берүүгө факультеттин деканатына милдеттүү. ДОТту колдонуу менен билим берүүдө дистанттык окутуу жараянын уюштуруу үчүн факультеттин академиялык мобилдүүлүк боюнча координатору жоопту.

**4-тиркеме**

*Билдирүүнүн үлгүсү*

ОшМУнун ректору,
профессор К.А.Исаковго
_____________факультетинин
деканы_____Аты-жөнү_____

**БИЛДИРҮҮ**

Академиялык мобилдүүлүк программасын ишке ашыруу алкагында, 20__ - 20__ -окуу жылдын, (күзгү, жазгы, жайкы) семестринде факультеттин төмөнкү студенттерин кабыл алуучу ЖОЖдун чакыруу катынын жана ар бир студенттин бекитилген окуу графиктеринин (тиркелет) негизинде __(кабыл алуучу ЖОЖго)_ окуп келүүгө жөнөтүүгө уруксат берүүңүздү суранам:

| **№** | **Ф.А.А.** | **Багыты** | **Курсу** |
|---|---|---|---|
| 1 | | | |
| 2 | | | |
| 3 | | | |

Студенттердин окуу графиктеринде белгиленген дистанттык окутуу технологиясы аркылуу сабак өтүүчү окутуучулар семестр ичинде сапардагы студенттер менен үзгүлтүксүз on-line режиминде ОшМУнун AVN информациялык системасы (http://avn.oshsu.kg) аркылуу байланышта болуп, окуу жараянын окуу-методикалык материалдар менен камсыздап, учурдагы жана аралык текшерүүлөрдү өз учурунда алып, жыйынтык баллдарын ведомостко киргизип турууга милдеттендирилсин.

Сапардагы студент кайтып келгенден кийин жыйынтыктоочу текшерүүнү эки жумалык мөөнөттө график боюнча уюштуруп берүү факультеттин деканатына милдеттендирилсин.

Декан: Ф.И.О.
Дата_______

## 5-тиркеме

*Үлгү* Экзамендердин жыйынтыктарын каттоочу ведомост

**ECTS Академиялык аныктама (транскрипт)**

Жөнөтүүчү ЖОЖдун аталышы ___________________________________________________
Факультет/Кафедра __________________________________________________________
ECTS координатору:__________________________________________________________
Тел.:________________________ факс ____________________ e-mail________________________
____________________________________________________________________________________

Студенттин фамилиясы:_________________________________Аты:________________________
Туулган жери жана датасы: ____________________________________(жынысы:)_____________
Тапшырган датасы: _______________ Студентти каттоо номери:_____ __________________
______________________________________________________________________________

Кабыл алуучу ЖОЖдун аталышы: ______________________________________________________
Факультет/Кафедра __________________________________________________________
ECTS координатору:__________________________________________________________
Тел.:_____________________факс ___________________ e-mail_________________________

| Предметтин коду | Предметтин аты | Курстун узактыгы (семестр, курс) | Баасы | ECTS кредити |
|---|---|---|---|---|
| … | … | … | … | … |
| Жыйынтыгы | | | | |

| Дата | ЖОЖдун координаторунун колу<br>(билим берүү программасынын жетекчиси) |
|---|---|

Мөөр:

**6-тиркеме**

*Үлгү* Отчеттун болжолдуу формасы

## САПАР (ТАКШАЛМА) ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ *

Ф.А.А.: ______________________________________________

Кызматы: () ___________________________________________

Факультети жана кафедрасы: ____________________________

______________________________________________________

Сапардын узактыгы: __________ ___________________________

(сапар болгон шаар, өлкө, ЖОЖ)

______________________________________________________

______________________________________________________

Сапардын максаты: ____________________________________

______________________________________________________

______________________________________________________

______________________________________________________

______________________________________________________

Милдеттери: _________________________________________

______________________________________________________

______________________________________________________

______________________________________________________

______________________________________________________

______________________________________________________

Жолугушуулар(ЖОЖ, сапарга тиешелүү инсан /ф.а.а., кызматы/) __________

______________________________________________________

______________________________________________________

______________________________________________________

______________________________________________________

______________________________________________________

Жыйынтыктар: ________________________________________

______________________________________________________

______________________________________________________

Сунуштар: ____________________________________________

______________________________________________________

« » ____________ 20 __ г.

______________ ______________________

(колу) (ф.а.а.)

*Сапар же такшалма жөнүндө отчетту төмөнкү талаптарды эске алуу менен даярдоо зарыл:

1) Өзүңөрдүн сапарыңар же такшалмаңар боюнча фото жана презентация тиркелген тексттик отчет даярдоо.

2) Отчеттун негизги мазмунунда өзүңөрдүн багытынар (адистигиңер) боюнча окууңар жана илимий темаңар үчүн негизги жыйынтыктарга басым жасагыла.

3) Чет өлкөдөгү ЖОЖдордо билим берүүнү уюштуруунун өзгөчөлүктөрүн жана ОшМУ үчүн пайдалуу жактарын белгилеп көрсөткүлө.

4) Сапар же такшалма учурундагы кемчиликтер жана көйгөйлөр.

5) Келечектеги сапарга чыгуучуларга, ЭАББга жана студенттерге эмнелерге көңүл буруу керек экендиги жөнүндө сунуштар жана эскертүүлөр.

6) ОшМУ жөнүндө чет өлкөлөрдө кандай жарнамалык иш чараларды кантип чыңдоо керек?

## 7-тиркеме

*Үлгү*

ОшМУнун ректору,
профессор К.А.Исаковго
______________факультетинин
деканы_____Аты-жөнү_____

## БИЛДИРҮҮ

20__ - 20__ -окуу жылдын, (күзгү, жазгы, жайкы) семестринде _______________программасынын алкагында академиялык мобилдүүлүк программасын ишке ашыруу үчүн __(жөнөтүүчү ЖОЖдон)__ келген төмөнкү студенттерди ар бир студенттин бекитилген окутуу боюнча үч тараптуу макулдашуусунун (тиркелет) негизинде сабактарга катышуусуна уруксат берүүңүздү суранам:

| № | Ф.А.А. | Багыты | Курсу |
|---|---|---|---|
| 1 | | | |
| 2 | | | |
| 3 | | | |

Декан: Ф.И.О.
Дата________

## 8-тиркеме

*Үлгү*

ОшМУнун ректору,
профессор К.А.Исаковго
______________факультетинин
деканы_____Аты-жөнү_____

## БИЛДИРҮҮ

_______________программасынын алкагында академиялык мобилдүүлүк программасын ишке ашыруу үчүн __(жөнөтүүчү ЖОЖдон)_ келген төмөнкү студенттердин ОшМУда 20__ - 20__ -окуу жылдын, (күзгү, жазгы, жайкы) семестринде билим алып, ийгиликтүү экзамен тапшырып, алган бааларынын жана топтогон кредиттеринин негизинде окууну аяктаганы жөнүндө сертификаттарды жана транскриптерди берүүңүздү суранам:

| № | Ф.А.А. | Багыты | Курсу |
|---|---|---|---|
| 1 | | | |
| 2 | | | |
| 3 | | | |

Декан: Ф.И.О.